"Берчи, мага, жарым кашык музыка..."

# Шепендей тынбай иштеген



**Бир кездеги кыргыздын айтылуу "Алтын күз" кинотасмасында айтылгандай: "Жаратылыштын жазы, күзү бар. Бирок, бул жашоодо ар бир адам өзүнүн "алтын күзүн" жаратууга милдеттүү. Бүгүнкү Кыргызстандын музыка дүйнөсүндө бараандуу орунду ээлеген жаркын таланттарыбыздын бири, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Бүткүл союздук жана республикалык конкурстардын жеңүүчүсү, А.Малдыбаев атындагы эл аралык сыйлыктын тунгуч ээси, профессор, композитор Сатылган Осмоновдун Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониянын чоң залында өткөргөн чыгармачылык кечесине келишкен музыка дүйнөсүнүн көрүнүктүү ишмерлери, анын өзүнүн "алтын күзүн" эбак эле жаратып койгонуна күбө болушту. Кыргыз Эл жазуучусу Асан Жакшылыков "Алтын доорго арзуу" деген китебинде композитор Сатылган Осмоновго төмөндөгүдөй ыр саптарын арнаган.**

*Оорудан далай запкы жеп,*
*Ох, чиркин өмүр өттү деп,*
*Өкүнбөс, бекем, адамсың*
*Өзгөчө жансың эрки бек!*

*Мукамды талбай издеген*
*Шепендей тынбай иштеген,*
*Адамдан чыккан асылсың,*
*Таанышуу – бакыт, сиз менен!*

*Музыкаң тунук берметпи?*
*Бул заман бизди сенделтти!*
*Бүткөн иштин өөнү жок,*
*Билгендер билет эмгекти.*

Композитор опералык тарыхый, эпопеялык темаларга да көп кайрылат. Анын тушоо кесүүсү "Кычан" операсынан башталып, "Сепил", "Жусуп Баласагын", "Урааным Манас, улутум кыргыз" одасында уланган пафостук, баатырдык, эпикалык чыгармалар. Бул анын стили экендигин да анык-тайт. А бирок өлкөдөгү белгилүү музыка изилдөөчүлөр аны «лирик композитор» деп аташат. Ал эми "Сепил" тарыхый чыгармасы – Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына арналган. Бул операнын жаралышына Жолон Мамытов себепчи болгон. Анын "Сепил" ттуу драмасы бар эмеспи. Бир күнү Жолон ага Сатылган аганы мейманга чакырып, өзүнүн Төлөйкан айылындагы дөңгө чыгарып, "Тигинде жаачылар, найзачылар турат, бул ураган дубалдар ошол сепилден калган. Мына – азан-казан болгон турмуш күүсү. Кулагын мыктылап тосуп, айланта чеп кылган хан", – деп Жолон ага өтө элестүү кылып айтып берет. Сатылган ага бул боюнча поэма, кийин либеретто жазат. "Сепил" либреттосу бүгүнкү күндө өнөрдүн өлбөс-өчпөс үлгүсүнө айланды десек аша чапкандык болбойт.

Кыргыз Эл жазуучусу Э.Турсуновдун либереттосу боюнча эбак жазып даярдаган "Жусуп Баласагын" операсы сүрөөнчүлөрдүн жоктугунан коюлбай келет. Композитор «операм коюлбай калды» деп чүнчүбөдү. Өткөн жылы дагы бир көлөмдүү чыгарманын – Кыргыз Республикасынын Баатыры Б.Жакиевдин "Жүрөлүчү жүрөк ооруппай" пьесасына төрт-беш айдын гана ичинде оперетта жазган. Сатылган Осмоновдун бул чыгармасы музыка сүйүүчүлөргө жакында тартууланып калчудай...

**Бактыбек ИМАМАДИЕВ**

● Премьера

# Театр – чындыкты чагылдырган сыйкырдуу дүйнө

Жайыл РУСЛАНОВ, "Кыргыз Туусу"



**Жакында Т.Абдымомунов атындагы Кыргыз Улуттук академиялык драма театрында швейцар драматургу Фридрих Дюрренматтын "Картаң айымдын келиши" аттуу спектаклинин премьерасы болду. Жашоодогу жаңылыуларды жана турмуштук карама-каршылыктарды чагылдырган көрүнүш көпчүлүктү ойго салып, сахнанын сыйкыр күчүнө багындырып турду. Ал ортодо биз аталган спектаклди кыргыз коомчулугуна тартуулаган башкы режиссер Шамиль Дыйканбаев менен маектештик.**

*– Агай айтсаңыз, бул пьесанын негизги идеясы эмне?*

– Фридрих Дюрренматтын аталган пьесасы классикалык чыгармалардын катарына кирет. Бул чыгарма, эң биринчиден, азыркы кыргыз коомчулугундагы негизги көйгөйдү чагылдырып турат. Алсак, баарыбыз кредит менен жашап калдык. Көпчүлүк үйдө, жок дегенде, бир буюм кредитке алынган. Жада калса телефондон кредитке акча алсак болот. Бирок кийин, сөзсүз бул кредиттерди төлөп беришибиз керек да. Ал эми чыгармада да биз сыяктуу карызга баткан эл эмне кыларын билбей кыйналышат. Эсептешүү мезгили келгенде, айла жок абийир-намыс деген сапаттарды унутка-рып, бир адамдын өлүмү менен карыздарын кайтарып беришет. Алар башкы каарманды түздөн-түз өлтүрүшпөсө деле, унчукпастан тим болушуп, бул кыянаттыкка тоскоолдук кылышпайт. Жогоруда белгилегендей, биздин турмуш дагы так ошондой болууда. Андыктан баарыбыз ар кимден алган кредитти эртең эмне менен кайрып беребиз, ушуну ойлонушубуз керек. Экинчиден, абийир менен акчанын ортосундагы кагылыш. Адам абийири үчүн канча акча коротот? – деген суроо коюлат. Же тескерисинче, акча үчүн абийир эмнеге даяр? Кыскасы адилеттүүлүккө умтулган турмуш көрсөтүлөт.

*– Байкаганымдай, премьерага эл көп келди, ал эми мындан ары кандай болчудай?*

– Аншлаг менен өтүп жатат десем туура эмес болуп калат. Театрды жакшы көргөн көрүүчүлөрдүн саны өтө аз. Бирок ага карабастан, биз иштеп жатабыз жана иштей беребиз. Себеби ушинтип жатып, бара-бара күйөрмандарды топтойбуз деген ишенгичтемин. Бул менин башкы режиссёр катары койгон алгачкы чыгармам. Мындан мурун жөнөкөй режиссёр катары үч спектакль койгом.

*– Бирок жаштар аз келет эмеспи, кантип аларды театрга тартса болот деп ойлойсуз?*

– Биринчиден, жаштарга арналган репертуар керек. Экинчиден, аларга театр тууралуу маалымат беришибиз зарыл. Тагыраак айтканда, түшүндүрүү маселеси. Ал үчүн мектептен баштаганыбыз оң. Балдарды кичинесинен театрларга алып барып, жомоктору көрсөтүп чоңойтсок, кийин өзү эле театрды издеп барат деп ойлойм. Себеби театрдын эмне экенин билбеген бала, чоңойгондо спектакль көрүүнү каалабайт. Бизде театр көп, маселен, куурчак театры балдар үчүн өтө маанилүү. Театрды көрүп өскөн бала, кийин өз баласын да алып келет. А бизде бул иш каралбай калган. Мектептерде эстетикалык билимге көңүл мамиле жасалат. Театр, бий жана музыка боюнча ийримдер иштебейт. Бул көп тараптуу иш болгондуктан, баарын бирдей аткаруу керек. Биз дагы бул максатта, жакын арада балдарга арналган "Көк куш" деген классикалык чыгарманы тартуулайлы деп турабыз.

● Аалам алптарынын турмушунан

# Генийлердин кемчилиги...

***Германияда Герхард Прогузенин «Генийлердин жеке турмушу» деген китеби өткөн жылы жарык көргөн эле. Бул китептен кээ бир үзүндүлөрдү «Немец толкуну» радиостанциясы өз угармандарына тартуулаган. Китепте көбүнчө генийлерди улуу даңкка алып келген жагдайлар жөнүндө эмес, алардын тиричиликтеги оош-кыйыштары, бардык адам баласына тиешелүү, ал тургай генийлерди да жеңип кетүүчү пенделик кемчиликтер жөнүндө айтылат. Көрсө, алардын көпчүлүгү кедей болушкан экен.***

Моцарт, Рембрант, Бальзак жана Карл Маркс жетишсиз турмушта жашашкан экен. Гете, Эдгар По, Гофман Ульям Фолкнер ичимдикке өтө жакын болушкан. Гендель, Флобер жана Бисмарк өтө соргок болушкан экен.

Ар кандай ырым-жырымдарга алар кандай ишенчээктик менен мамиле кылышкандыктары жөнүндө болсо далай легендалар бар. Улуу сүрөткер Пабло Пикассо бала чагынан эле чач тегиздетүүдөн коркчу. Анан эгер анын үйүндө баш кийимминди керебет үстүнө койсоң, же кол чатырды ачсаң... Кудай бетин көрсөтпөсүн! Бул ал үчүн ошол бөлмөдө тургандардын бирөөсү жыл соңуна чейин өлөөрүнөн жышаан катары кабыл алынган. Андан да кызыгы – испан Пикассого өз мекенинин ырым-жырымдары аз келгенсип, биринчи аялы Ольгадан далай орус ырым-жырымдарын да кабыл тутуп, аларга бекем ишенүү адат болгон. Сүрөткер жолго чыгар алдында кимди гана болбосун бир аз олтуруп туруу-га мажбурлаган жана анын кезүнчө столдогу бөлкө нанды көмкөрүп коюуга эч качан жол берчү эмес. Эгер байкоосуз оодарылып калган болсо, бул анын катуу кайнатчу. А Гете тамеки түтүнүнөн кускусу келчү. Тамеки чеккен адамдар менен көпкө мамиле кылбоого аракеттенчү. Бул жагынан бир гана Шиллер менен сабырдуу мамиледе болгон. «Пиводон кызарып-




татарган жана тамеки сасыган немелер Германияны курутат» – дечү ал.

В.И.Ленин да тамеки тартуучулар менен болгон талашта – атактуу «пломбаланган» вагондо баратып – жеңилүүгө душар болгон. Ошол учурда аны көргөн адамдардын айтуусуна караганда империалисттик согуштун граждандык согушка айланып кетиши да, жаңы эле башталган революциянын оор тагдыры да тамекинин ушул ачуу түтүнүндөй тынчсыздандырган эмес. Анда Ленин мекенине тамеки тартууга көнүп бүткөн максатташ-революционер менен пломбаланган вагонго кайтып келе жаткан эле. Ал эми Генри Форд, Гете, Наполеон, Конрад Аденауер жана британ ханышасы Виктория сыяктуу тамеки түтүнүн көтөрө алчу эмес.

Кошумча нарк (прибавочная стоимость) теориясынын жаратуучусу Карл Маркс практикада акчаны үнөмдүү пайдаланууну эч качан өздөштүрө алган эмес. Баласынын үнөмсүздүгү жанына баткан атасынан жашырынып апасын «саай» баштаганы аз келгенсип, «мага апам акчаны аз берет» деп капаланган. Кийинчерек Маркс өзү, аялы тараптан ар кандай мурас катары 3,5, кээде 30 миңге чейин марка алып турган. 1969-жылдан «Коммунисттик Манифестти» бирге жазышкан Фридрих Энгельс жыл сайын Маркска 7 миң марка берип турган. Бирок Маркс ошого карабастан дайым жетишсиз турмушта жашады. Мурас акча колуна тиер менен көчүп кирчү, майрамдарды уюштурчу, кыскасы, акчасын шамалга чачып, тез эле жок кылчу. Эгер Герхард Прогузенин китебине таянсак, К.Маркстын психологиясы – бул майда обывателидин, мещаниндин, сопсуунган пенденин психологиясынан көп деле айырмаланбагандай таасир калтырат. Бирок, бул автордун жеке көз карашы болушу да мүмкүн. Кандай кемчиликтерге жык толгон өмүр сүргөндө деле, Карл Маркс жалпы адамзат тарыхынын бир багыттан башка багытка бурулушуна түздөн-түз, унутулгус күч жумшаган, адамзат тарыхындагы эң зор революциянын негиздөөчү идеологорунун атасы катары, алп акылман, чыгаан окумуштуу катары гениалдуу инсан болгону талашсыз чындык. Балким автордун төмөнкү мисалын да келтире кетсек ашыкчалык кылбас: Лондондогу Маркетардын чарбасын жүргүзгөн Елена Делут менен көп жылдык төшөк мамиледе болуп, ойношу уул төрөгөндө чатак чыгып кете жаздайт да, ишенимдүү досу Энгельс аталык милдетин өз мойнуна алуу менен чатакты басат. Бул окуя улуу гений деле биздей пенде болгонун далилдеп турбайбы...

Мен бул чакан макаламда дүйнөдөн өткөн генийлердин кээ бирлерине, учкай гана токтолдум. Алмустактан биздин күнгө чейин жашап өткөн 400 генийдин баарынын ар биринин бири-бирине окшобогон «причудалары» болгон. Мындай чакан макалада алардын баары жөнүндө кеп кылуу мүмкүн эмес. А.С.Пушкин мүнөзү мүнөт сайын өзгөрүп турган, кызуу кандуу, өтө «гордый» инсан болсо, Онере Бальзак аристократ аялдар менен кандай гана болбосун төшөк мамилесине чейин жетүүгө абдан умтулган, ал үчүн өз абийирине коркунуч алып келе турган саясый макала жазууга да даяр турган, аял жандуу болгон.

Өзүбүздүн залкар талант Рыспай Абдыкадыров болсо кичинекей кубанычка да, кайгыга да ыйлап жиберген, элүү үч жыл наристече, өмүр сүргөн адам эле...

**Даярдаган Садык ГАВАЙ,**
**Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, акын, тарыхчы.**